КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА
УЛУТТУК АГЕНТТИГИ

НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО
ПО ИНВЕСТИЦИЯМ
ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

11-сентября 2026 № 76-Н

Бишкек ш.
г. Бишкек

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинде коррупциялык тобокелдиктер жаралышы мүмкүн болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 232 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомун, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги № 115 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө жобону жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинде (мындан ары – Улуттук агенттик) коррупциялык тобокелдиктер жаралышы мүмкүн болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Улуттук агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана Улуттук агенттикке караштуу ведомстволук уюмдун жетекчилери коррупциялык тобокелдиктерди жоюу жана азайтуу боюнча зарыл болгон иш-чараларды туруктуу негизде жүргүзүшсүн.
3. Укуктук камсыздоо, инвесторлордун укуктарын коргоо жана даттанууларды кароо бөлүмүнө:

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде нормативдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн, ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада,

кагаз жана электрондук алып жүрүүчүдө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде анын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жөнөтсүн.

4. Улуттук агенттиктин 2024-жылдын 26-мартындагы № 1 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Улуттук агенттиктин башчысынын тиешелүү орун басарларына жүктөлсүн.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Об утверждении перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 апреля 2026 года № 232 «Об утверждении Положения о порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками в государственных органах и органах местного самоуправления Кыргызской Республики», руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 115 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления», а также Положением о Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики, утвержденным Указом Президента Кыргызской Республики от 15 апреля 2022 года № 115, **приказываю**:

1. Утвердить Перечень случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики (далее – Национальное агентство) согласно приложению.

2. Руководителям структурных подразделений центрального аппарата и подведомственного подразделения Национального агентства на постоянной

основе проводить необходимые мероприятия по устранению и минимизации коррупционных рисков.

3. Отделу правового обеспечения, защиты инвесторов и рассмотрения жалоб:

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальных языках, на бумажном и электронном носителе в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;
- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить его копию в Администрацию Президента Кыргызской Республики и Генеральную прокуратуру Кыргызской Республики.

4. Признать утратившим силу приказ Национального агентства «Об утверждении перечня случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики» от 26 марта 2024 года № 1.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителей главы Национального агентства.

6. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Глава Национального агентства **Р.А. Сабиров**

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин буйругу менен бекитилди

_____________Р.А.Сабиров

2026-жылдын «__» сентябрындагы № 76-Н

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинде коррупциялык тобокелдиктер жаралышы мүмкүн болгон учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги

№	Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укугу)	Коррупциянын пайда болуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар (коррупциялык тобокелдиктер) Коррупциялык тобокелдиктердин пайда болушу мүмкүн болгон учурлар жана кырдаалдар	Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык	Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орточо, жогорку)	Түзүмдүк бөлүмдүн (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) аталышы	Коррупциялык тобокелдиги бар кызмат орундары	Башка мамлекеттик органдарда/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болуу ыктымалдыгы (бар болсо, органдарды көрсөтүү)
1-бөлүм. Функциянын түрү: Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү							
1	Товарларды, жумуштарды жана кызмат	1. Сатып алууга катышуучулардын билдирмелерин	Системалуу	Жогору	Финансылык пландаштыруу жана	Башкармалыктын начальниги,	Бул тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын

	көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча иштерди жүргүзүү	пландаштыруу, даярдоо, кароо жана баалоо этабында: – сатып алуунун конкреттүү катышуучусунун пайдасына чечим кабыл алууну камсыз кылуу максатында, анын ичинде билдирмени объективдүү эмес баалоо же добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасир этүү жолу менен, кызмат адамдары же сатып алуу комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан анын кызыкчылыктарын сүрөө (лоббирлөө) ыктымалдуулугу; – сатып алууга катышуучуларынын билдирмелерин негизсиз четке кагуу ыктымалдуулугу; – сатып алуунун предметин жана көлөмүн негизсиз белгилөө же товарларды, жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун иш жүзүндөгү зарылдыгын тийиштүү түрдө негиздебестен керектөөнү аныктоо ыктымалдуулугу. 2. Сатып алууга катышуучулардын билдирмелерин кароо, катышууга уруксат берүү, конкреттүү сатып алуунун			мамлекеттик сатып алуулар бөлүмү, Улуттук агенттикке караштуу ведомстволук түзүмдөр	бөлүм башчысы, жетектөөчү адис, адис, мамлекеттик сатып алуулар боюнча Улуттук агенттикке караштуу ведомстволук түзүмдүн кызматкерлери	Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин ишмердүүлүгүнө орун алышы мүмкүн

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189

		жеңүүчүсүн аныктоо этабында: – атаандаштыкты чектөө, мыйзамдарда каралган атаандаштык жол-жоболорун жокко чыгаруу (айланып өтүү) же алдын ала белгиленген берүүчүнүн, подрядчынын же аткаруучунун жеңишине шарт түзүү максатында сатып алуу ыкмасын негизсиз тандоо; – конкреттүү товардын, жумуштун, кызмат көрсөтүүнүн мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен сатып алуунун предметине карата техникалык спецификацияны, техникалык тапшырманы жана башка талаптарды калыптандыруу аркылуу конкреттүү берүүчүгө, подрядчыга же аткаруучуга негизсиз артыкчылыктарды түзүү. 3. Келишимди түзүү жана аткаруу этабында: – товарларды, жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү алардын санына, сапатына, комплекттүүлүгүнө жана келишимдин шарттарына, техникалык спецификацияга, ошондой эле башка сатып алуу документациясына шайкештигине тийиштүү					

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		текшерүү жүргүзбөстөн кабыл алуу.					
2-бөлүм. Функциянын түрү: Адам ресурстарын башкаруу							
2.	Бош кызмат орундарын ээлөөгө жана кадрлар резервине киргизүүгө конкурс өткөрүүнү уюштуруу	1. Конкурсдук жол-жобону, анын ичинде аңгемелешүүнү жана башка конкурсдук иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү этабында: – айрым талапкерлерге конкурстун талаптары, аны өткөрүү тартиби жана баалоо критерийлери жөнүндө жалпыга ачык болуп саналбаган маалыматты берүү ыктымалдуулугу; – конкреттүү талапкердин кызыкчылыгында конкурсту өткөрүүнүн шарттарын, критерийлерин же тартибин негизсиз өзгөртүү; – кошумча түшүндүрмөлөрдү, маалыматтарды же башка артыкчылыктарды берүү жолу менен аңгемелешүү өткөрүүдө жеке талапкерге артыкчылыктуу шарттарды түзүү ыктымалдуулугу. 2. Баалоо, конкурстун жыйынтыктарын аныктоо жана кадрдык чечимди кабыл алуу этабында:	Системалуу	Орточо	Уюштуруу жана кадр иштери, документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо башкармалыгы	Башкармалыктын начальниги, башкы адис, жетектөөчү адис, конкурстук комиссиянын мүчөлөрү.	Бул тобокелдик мамлекеттик жарандык кызматтын бош кызмат орундарын ээлөөгө сынактарды өткөрүүчү башка мамлекеттик органдардын (Кыргыз Республикасынын Кабинет Министрлерине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги, министрликтер жана ведомстволор) ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189

		– белгилүү бир талапкердин пайдасына бүтүмгө келүү, анын кызыкчылыктарын лоббирлөө же мыйзамсыз таасир этүү, анын ичинде баалоонун, аңгемелешүүнүн натыйжалары жана конкурстун башка критерийлери менен бурмалоо кылуу ыктымалдуулугу; Белгилүү бир талапкердин пайдасына бүтүмгө келүү, анын кызыкчылыктарын лоббирлөө же мыйзамсыз таасир этүү, анын ичинде баалоонун, аңгемелешүүнүн натыйжалары жана конкурстун башка критерийлери менен манипуляция кылуу ыктымалдуулугу; – талапкерлигин негизсиз четтетүү же белгиленген талаптарга жооп бербеген талапкерди жеңүүчү деп табуу ыктымалдуулугу; – кызмат адамынын жеке, туугандык же башка кызыкчылыгы болгон учурда талапкерлик кароого же кадрдык чечимди кабыл алууга катышуусу;					
3	Сыйлоого сунуштамаларды	1. Сыйлоого материалдарды даярдоо жана кароо этабында: – Мыйзамда каралган негиздер	Кырдаалдык	Төмөн	Уюштуруу жана кадр иштери,	Башкармалыктын начальниги,	Бул тобокелдиктер мамлекеттик сыйлыктарга

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

	(материалдарды) кароо, кызматкерлерди сыйлоо жана кызыктыруу жөнүндө жетекчиликке сунуштарды киргизүү	жана тиешелүү эмгек сиңирген эмгектери жок туруп, жеке кызматкерге карата сыйлоого сунуштаманы негизсиз демилгелөө же даярдоо; – Сыйлоого анын талапкерлигин негизсиз сүрөө максатында кызмат адамдарынын, тиешелүү комиссиянын мүчөлөрүнүн кызыкдар кызматкер менен бүтүмгө келиши. 2. Жетекчиликке сунуштарды даярдоо жана сунуштамаларды кароо этабында: – сыйлоого мыйзамда каралган негиздери бар кызматкерге карата сунуштаманы кароодон, макулдашуудан же андан ары багыттоодон негизсиз баш тартуу; – тиешелүү сыйлоо же кызыктыруу үчүн жетиштүү негиздери жок кызматкерге карата сунуштаманы негизсиз жактыруу же сүрөө; – кабыл алынган чечимдин калыстыгына таасирин тийгизиши мүмкүн болгон жеке, туугандык, мүлктүк же башка кызыкдарлык бар болгон учурда кызмат адамынын талапкерлигин кароого катышуу.			документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо башкармалыгы	башкы адис, жетектөөчү адис, конкурстук комиссиянын мүчөлөрү.	сунуштамаларды даярдоону жана кызматкерлерди кызыктырууну жүзөгө ашырган башка мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө да тиешелүү болушу мүмкүн.

3. Функциянын түрү: Инвестициялык долбоорлорду коштоо							
4.	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 26-октябрындагы № 503 токтомуна ылайык 7.1-пункттун 7.1.11-пунктчасында каралган бажылык жеңилдиктерди берүү	1. Кайрылууну кароо жана чечим даярдоо этабында: –тоскоолдуктарды түзүү же арыз ээсин укукка сыйбаган пайданы берүүгө түртүү максатында тарифтик жеңилдикти колдонуу жөнүндө кайрылууларды жана материалдарды кароонун белгиленген мөөнөттөрүн негизсиз создуктуруу же сактабоо. 2. Бажылык жеңилдиктерди берүү жөнүндө кайрылуу боюнча корутундуну даярдоо этабында: – тарифтик жеңилдикти берүү же аны берүүдөн баш тартуу максатында инвестициялык долбоордун белгиленген талаптарга шайкештиги же шайкеш эместиги жөнүндө негизсиз же билип туруп чындыкка дал келбеген корутундуну даярдоо.	Кырдаалдык	Орточо	Инвестицияларды тартуу жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы (Инвестициялык долбоорлор менен иштөө бөлүмү)	Башкармалыктын начальниги, бөлүм башчысы, башкы адис, жетектөөчү адис, адис.	Бул тобокелдиктер инвесторлорго бажы жеңилдиктерин берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы) ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн.
5	Инвестициялык долбоорлорду калыптандыруу жана коштоо	1. Инвестициялык долбоорду кароо жана коштоо этабында: – Инвесторго негизсиз атаандаштык артыкчылыктарды түзгөн инвестициялык долбоорлор жана аларды ишке ашыруу	Кырдаалдык	Төмөн	Инвестицияларды тартуу жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы (Инвестициялык долбоорлор	Башкармалыктын начальниги, бөлүм башчысы, башкы адис,	Бул тобокелдиктер инвестицияларды тартууга жана коштоого, ошондой эле мамлекеттик колдоо чараларын ишке ашырууга жоопту

		шарттары жөнүндө кызматтык же башка чектөө коюлган маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү. 2. Долбоорду УИА тарабынан коштолгон долбоорлордун тизмесине киргизүү жөнүндө маселени кароо этабында: – белгиленген критерийлерге шайкеш келбегендигине карабастан көрсөтүлгөн тизмеге конкреттүү долбоорду (инвесторду) негизсиз киргизүү. 3. Конкреттүү долбоорду ишке ашырууну контролдоо этабында: – инвестициялык долбоорду ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүдө инвестор үчүн каралган преференцияларды сактап калуу максатында инвестор тарабынан жол берилген бузууларды көрмөксөнгө салуу.			менен иштөө бөлүмү)	жетектөөчү адис, адис.	башка мамлекеттик органдардын (инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруучу министерстволордун жана ведомстволордун) ишмердүүлүгүнө тиешелүү болушу мүмкүн.
6	Потенциалдуу инвесторлорго инвестициялык виза алуу үчүн КР ТИМинин КД өтүнүч каттарды	1. Потенциалдуу инвесторго карата өтүнүч катты даярдоо жана жөнөтүү этабында: – инвестициялык долбоорду кароодо жана коштоодо инвестор үчүн артыкчылыктуу шарттарды камсыз кылуу максатында ага укукка	Кырдаалдык	Төмөн	Инвестицияларды тартуу жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы (Инвестициялык долбоорлор менен иштөө бөлүмү)	Башкармалыктын начальниги, бөлүм башчысы, башкы адис, жетектөөчү адис, адис.	Аталган тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрликтердин Консулдук кызмат департаментинин, Кыргыз Республикасынын чет

	берүү.	сыйбаган артыкчылыктарды берүү; – инвестордун кайрылууларын жана документтерин кароонун белгиленген мөөнөттөрүн тоскоолдуктарды түзүү же формалдуу эмес өз ара аракеттенүүгө мажбурлоо максатында негизсиз創 создуктуруу; –өтүнүч катты мыйзамсыз жактырууга же андан мыйзамсыз баш тартууга негиздерди түзүү максатында негизсиз корутунду түзүү.					өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин ишмердүүлүгүндө да орун алышы мүмкүн.
4. Функциянын түрү: Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун коштоо жана эркин экономикалык зоналарды өнүктүрүү							
7	Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун коштоо жана эркин экономикалык зоналарды өнүктүрүү.	1. МЖӨ жана ЭЭЗ боюнча конкреттүү долбоорду коштоо жана ишке ашыруу этабында: –УИАнын компетенциясынын чегинде документтерди кароодо, шарттарды макулдашууда, долбоорду коштоодо же чечимдерди кабыл алууда айрым жеке өнөктөшкө, инвесторго, ЭЭАнин резидентине же башка катышуучуга негизсиз артыкчылыктарды берүү. 2. Конкреттүү долбоордун экономикалык жактан максатка ылайыктуулугун баалоо этабында:	Кырдаалдык	Төмөн	ЭЭЗ жана МЖӨнү өнүктүрүү	Бөлүм башчысы, башкы адис, жетектөөчү адис, адис	Бул тобокелдиктер мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун ишке ашыруучу башка мамлекеттик органдардын жана эркин экономикалык зоналардын Башкы дирекцияларынын ишмердүүлүгүндө орун алышы мүмкүн.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ИНН 02908201410189 ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		– тийиштүү экономикалык жана финансылык негиздеменин жоктугуна же жетишсиздигине карабастан, долбоорду экономикалык, финансылык же социалдык жактан максатка ылайыктуу деп негизсиз таануу, ошондой эле долбоордун демилгечисинин же башка кызыкдар жактын кызыкчылыгында баалоо жыйынтыктарын бурмалоо же жашыруу. 3. Долбоорду кароо этабында: – административдик тоскоолдуктарды жаратуу жана мыйзамсыз пайда алуу максатында талапкерге басым көрсөтүү үчүн долбоордук документтерди ошондой эле кайрылууларды кароонун белгиленген мөөнөттөрүн создуктуруу же бузуу.					

Колдонулган кыскартуулардын тизмеси:
УИА – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиги
ЕАЭБ – Евразия экономикалык бирлиги
КР ТИМинин КД – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Консулдук департаменти
ЭЭЗ – Эркин экономикалык зоналар
МЖӨ – Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк

Приложение

Утверждено приказом Национального агентства по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики

________ Р.А. Сабиров

№ ___ «01» сентября 2026 года

ПЕРЕЧЕНЬ
случаев и ситуаций, по которым имеется риск возникновения коррупции в Национальном агентстве по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики

№	Функция (полномочие) государственного органа	Случаи и ситуации, по которым имеется риск возникновения коррупции (коррупционные риски)	Категория коррупционного риска: системный (реальный), потенциальный, ситуационный	Уровень коррупционного риска (низкий, средний, высокий)	Наименование структурного подразделения (центрального аппарата, территориального или подведомственного подразделения, учреждения)	Должности, подверженные коррупционному риску	Вероятность проявления коррупционного риска в других государственных органах / органах местного самоуправления (при наличии указать органы)
1. Тип функции: Осуществление государственных закупок							
1	Осуществление работ по закупке товаров, работ и услуг	1. На этапе планирования, подготовки, рассмотрения и оценки заявок участников закупки: - вероятность лоббирование интересов конкретного участника закупки	Системный	Высокий	Отдел финансового планирования и государственных закупок, подведомствен	Начальник управления, Заведующий отделом, ведущий специалист, сотрудники	Данные риски могут относиться к деятельности Департамента государственных закупок при Министерстве

		должностными лицами или членами закупочной комиссии с целью обеспечения принятия решения в его пользу, в том числе путем необъективной оценки заявки или влияния на результаты голосования; - вероятность необоснованного отклонения заявок участников закупки; – вероятность необоснованного определение предмета и объема закупки либо формирование потребности без надлежащего обоснования фактической необходимости приобретения товаров, работ или услуг. 2. На этапе рассмотрения, допуска заявок, определения победителя конкретной закупки: – необоснованный выбор способа закупки с целью ограничения конкуренции, исключения предусмотренных законодательством конкурентных процедур либо создания условий для победы заранее определенного			ные подразделения НАИ, конкурсная комиссия	подведомственных подразделений НАИ по государственным закупкам, члены конкурсной комиссии	финансов Кыргызской Республики

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		поставщика, подрядчика или исполнителя; - создание необоснованных преимуществ конкретного поставщика, подрядчика или исполнителя посредством формирования технической спецификации, технического задания и иных требований к предмету закупки с учетом характеристик конкретного товара, работы, услуги. 3. На этапе заключения и исполнения договора: - приемка товаров, работ или услуг без надлежащей проверки их количества, качества, комплектности и соответствия условиям договора, технической спецификации и иной закупочной документации.					
2. Тип функции: Управление человеческими ресурсами							
2	Организация проведения конкурсов на замещение вакантных должностей и включение в кадровый резерв	1. На этапе подготовки и проведения конкурсной процедуры, включая собеседование и иные конкурсные мероприятия: - вероятность предоставление отдельным кандидатам информации о требованиях, порядке проведения и критериях оценки конкурса,	Системный	Средний	Управление организационной и кадровой работы, документационного обеспечения и контроля исполнения, конкурсная комиссия	Начальник управления, главный специалист, ведущий специалист, члены конкурсной комиссии	Данный риск может относиться к деятельности других государственных органов, проводящих конкурсы на замещение вакантных должностей

		не предназначенной для общего доступа; – необоснованное изменение условий, критериев или порядка проведения конкурса в интересах конкретного кандидата; - вероятность создания отдельному кандидату преимущественных условий при проведении собеседования путем предоставления дополнительных разъяснений, информации или иных преимуществ. 2. На этапе оценки, определения результатов конкурса и принятия кадрового решения: – вероятность сговора, лоббирование интересов либо неправомерное влияние в пользу конкретного кандидата, в том числе манипулирование результатами оценки, собеседования и иными критериями конкурса; – вероятность необоснованного отклонения кандидатуры либо признание победителем кандидата, не					государственной гражданской службы (Государственное агентство по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики, министерства и ведомства)

		соответствующего установленным требованиям; – участие должностного лица в рассмотрении кандидатуры или принятии кадрового решения при наличии личной, родственной или иной заинтересованности; – вероятность сокрытие или неурегулирование конфликта интересов участником конкурсной процедуры.					
3	Рассмотрение представлений (материалов) к награждению, внесение предложений руководству о награждении и поощрении работников	1. На этапе подготовки и рассмотрения материалов к награждению: - необоснованное инициирование либо подготовка представления к награждению в отношении отдельного работника при отсутствии предусмотренных законодательством оснований и соответствующих заслуг; - сговор должностных лиц, членов соответствующей комиссии с заинтересованным работником в целях необоснованного продвижения его кандидатуры к награждению.	Ситуационный	Низкий	Управление организационной и кадровой работы, документационного обеспечения и контроля исполнения, комиссия по наградам	Начальник управления, главный специалист, ведущий специалист, члены комиссии по наградам	Данные риски могут относиться к деятельности других государственных органов, осуществляющих подготовку представлений к государственным наградам и поощрение сотрудников.

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		2. На этапе подготовки предложений руководству и рассмотрения представлений: - необоснованный отказ в рассмотрении, согласовании либо дальнейшем направлении представления в отношении работника, имеющего предусмотренные законодательством основания для награждения; - необоснованное одобрение либо продвижение представления в отношении работника, не имеющего достаточных оснований для соответствующего награждения или поощрения; - участие в рассмотрении кандидатуры должностного лица при наличии личной, родственной, имущественной или иной заинтересованности, способной повлиять на объективность принятого решения.					
3. Тип функции: Сопровождение инвестиционных проектов							
4	Предоставление таможенных льгот, предусмотренных пунктом 7.1.11 пункта 7.1 в	1. На этапе рассмотрения обращения и подготовки решения: - необоснованное затягивание либо нарушение установленных сроков	Ситуационный	Средний	Управление привлечения инвестиций и международного сотрудничества	Начальник управления, заведующий отделом, главный специалист,	Данные риски могут относиться к деятельности государственных органов, уполномоченных

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189

	соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 26 октября 2018 года № 503	рассмотрения обращений и материалов о применении тарифной льготы с целью создания препятствий, либо побуждения заявителя к предоставлению неправомерной выгоды. 2. На этапе подготовки заключения по обращению о предоставлении таможенных льгот: - подготовка необоснованного либо заведомо недостоверного заключения о соответствии или несоответствии инвестиционного проекта установленным требованиям с целью предоставления либо отказа в предоставлении тарифной льготы.			, отдел по работе с инвестиционными проектами	ведущий специалист, специалист	на предоставление таможенных льгот инвесторам (Государственная таможенная служба при Кабинете Министров Кыргызской Республики)
5	Формирование и сопровождение инвестиционных проектов	1. На этапе рассмотрения и сопровождения инвестиционного проекта: - предоставление инвестору доступа к служебной или иной информации ограниченного доступа о инвестиционных проектах и условиях их реализации, создающей необоснованные конкурентные преимущества.	Ситуационный	Низкий	Управление привлечения инвестиций и международного сотрудничества (Отдел по работе с инвестиционными проектами)	Начальник управления, заведующий отделом, главный специалист, ведущий специалист, специалист	Данные риски могут относиться к деятельности других государственных органов, ответственных за привлечение и сопровождение инвестиций и реализацию мер государственной поддержки

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ * НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ * ИНН 02908201410169
ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		2. На этапе рассмотрения проекта сопровождаемых Национальным агентством: - необоснованное включение конкретного проекта (инвестора) в указанный перечень без соответствия установленным критериям. 3. На этапе контроля за реализацией конкретного проекта: - игнорирование выявленных нарушений со стороны инвестора при мониторинге реализации инвестиционного проекта в целях сохранения для него предусмотренных преференций.					(министерства и ведомства, реализующие инвестиционные проекты)
6	Выдача ходатайства на получение инвестиционной визы потенциальным инвесторам в КД МИД КР	1. На этапе подготовки и направления ходатайства в отношении потенциального инвестора: - предоставление инвестору неправомерных преимуществ при рассмотрении и сопровождении инвестиционного проекта в целях обеспечения для него преимущественных условий; - необоснованное затягивание установленных сроков рассмотрения документов и обращений инвестора в целях создания	Ситуационный	Низкий	Управление привлечения инвестиций и международного сотрудничества (Отдел по работе с инвестиционными проектами)	Начальник управления, заведующий отделом, главный специалист, ведущий специалист, специалист	Данные риски могут относиться к деятельности Консульского департамента Министерства иностранных дел Кыргызской Республики, дипломатических представительств и консульских учреждений Кыргызской Республики за рубежом

		препятствий либо понуждения к неформальному взаимодействию; - составление необоснованного заключения в целях создания оснований для неправомерного отказа либо неправомерного одобрения ходатайства.					
4. Тип функции: Сопровождение проектов государственно-частного партнерства и развитию свободных экономических зон							
7	Сопровождение проектов государственно-частного партнерства и развитие свободных экономических зон	1. На этапе сопровождения и реализации конкретного проекта ГЧП и СЭЗ: - предоставление отдельному частному партнеру, инвестору, резиденту СЭЗ либо иному участнику необоснованных преимуществ при рассмотрении документов, согласовании условий, сопровождении проекта или принятии решений в пределах компетенции НАИ. 2. На этапе оценки экономической целесообразности конкретного проекта: - необоснованное признание проекта экономически, финансово или социально целесообразным при отсутствии либо	Ситуационный	Низкий	Отдел развития СЭЗ и ГЧП	Заведующий отделом, главный специалист, ведущий специалист, специалист	Данные риски могут относиться к деятельности других государственных органов, реализующих проекты государственно-частного партнерства и Генеральных дирекций свободных экономических зон

ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ

		недостаточности надлежащего экономического и финансового обоснования, а также искажение или сокрытие результатов оценки в интересах инициатора проекта или иного заинтересованного лица. 3. На этапе рассмотрения проектных документов: - необоснованное затягивание либо нарушение установленных сроков рассмотрения проектных документов и обращений с целью создания административных препятствий, оказания давления на заявителя для получения неправомерной выгоды.					

Список используемых сокращений:
НАИ – Национальное агентство по инвестициям при Президенте Кыргызской Республики
КД МИД КР – Консульский департамент Министерства иностранных дел Кыргызской Республики
СЭЗ – Свободная экономическая зона
ГЧП – Государственно-частное партнерство

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНВЕСТИЦИЯМ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОТДЕЛ КАДРОВОЙ РАБОТЫ, ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ ИСПОЛНЕНИЯ
ИНН 02908201410189